*Исмаил Сойсал, Асаналиев М.К.*

# ОКУУЧУЛАРДЫН ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫН АКТИВДЕШТИРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯСЫ

*Исмаил Сойсал, Асаналиев М.К.*

# ТЕХНОЛОГИЯ АКТИВИЗАЦИИ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ

Өз алдынчалыкты активдештирүү жеке эле сабак учурундагы окуу-тарбия ишинде эмес, жалпы лицейдеги окуу-тарбия процессинде өз алдынчалыктын эффективдүүлүгүн жогорулатуу болуп саналат.

Биздин көз карашыбызча, төмөнкүдөй аныктама берүү тагыраак деп эсептелет:

Лицейдеги окуучулардын өз алдынчалык ишмердүүлүгүн активдештирүү процесси бул белгилүү педагогикалык каражаттар системасынын өз алдынча окуу ишинин компоненттери аркылуу окуучунун таанып-билүүсүнүн өз алдынчалыгына эффективдүү таасир берүүсү, ал өз кезегинде эмгектин рыногунда талап кылынуучу, сабаттуу инсанды калыптандырат. Изилденип жаткан көйгөйгө, лицейдеги өз алдынчалык ишмердүүлүктү активдештирүү көйгөйүнө комплекстүү мамилени берилген технологиялык процессти түзүүчү баштапкы жана жыйынтык позицияны аныктоодон баштайбыз.

Баштапкы позицияларга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

. Субъект жана анын окууга болгон кызыгуусу, мотивациясы, эркинин күчтүүлүгү

. Окуу материалынын мазмуну жана техникалык жабдуулар

. Окуутунун оптималдуу тандалган принциптеринин жана методдорунун системасы

. Коллективдүү окуу ишмердүүлүгү

. Контроль

Өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүүчү педагогикалык технологияларды колдонуунун натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтык позицияларды алууга болот:

. Өз алдынча ишмердүүлүккө ээ болуу көндүмдөрү

. Өз билимин өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү

. Рефлекстерге жөндөмдүүлүк

. Профессионалдык ишмердүүлүккө ыңгайлашуу (адаптация) ж.б.

Жогорудагы сунушталган позициялар өз алдынчалык ишмердүүлүктү активдештирүү процессинин критерийлерин аныктайт, бул болсо келечектеги анын теоретикалык моделдеринин компоненттерин издөө багытын аныктоого мүмкүнчүлүк берет. Бирок анда ушул компоненттерге берилген мүнөздөмө, касиеттер жок, ошондуктан кайрадан мурда топтолгон педагогикалык тажрыйбага кайрылабыз.

Өз алдынчалык ишмердүүлүктү активдештирүүнү операциялык-технологиялык катары аныктайбыз (мазмун + организация)

Белгиленгендей, окуучунун өз алдынча ишмердүүлүгү жекече процесс жана аң сезимдүү активдүүлүктүн шартында анын окууга жана эркинин күчүнө болгон мотивациясынан көрүнөт. Ушундан улам активдүү өз алдынчалуулук процессинде биз анын уюштуруучулук жактарын гана эске албастан, изилденип жаткан көйгөйдүн чечилишинин эффективдүү резерви катары инсандык эмоционалдык-эрктик сапаттарына да таянуубуз зарыл. Ошондуктан, окуучунун өз алдынчалык ишмердүүлүгүн активдештирүү (ОӨИА, АСДУ) процессинде кийинки маанилүү компонентти эмоционалдык-эрктик деп эсептөөгө болот. Ошону менен бирге, ОӨИА көйгөйлөрүн изилдөө окуучунун интеллектуалдык жана таанып-билүүчүк жөндөмдүүлүктөрүн карап чыгуу зарылчылыгына алып келет.

Мурдагы бөлүмдөрдө биз өз алдынча окуу ишин активдештирүү таанып-билүүнүн өз алдынчалыгынын өнүгүшүнө алып келерин аныктадык.

Ал өз кезегинде жеке окууга болгон мотивация менен гана аныкталбай, окуучунун ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнө да, баштапкы билимине да көз каранды, жалпысынан алганда, инсандын интеллектуалдык өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт.

Ой жүгүртүүнүн психофизиологиялык механизмин, индивиддин таанып-билүү процессин билүү таанып-билүүчүлүк өз алдынчалыкты активдештирүү процессинин технологиялык өзгөчөлүктөрүн тагыраак аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Демек, биздин модель интеллектуалдык, таанып-билүүчүлүк компонентти да эске алууга тийиш.

Жогорудагылардын негизинде жана эксперименттин башында коюлган маселелерден улам, биз активдештирүү процессинин проекттелген модели аталган үч компонентти ичине алууга тийиш экендигин аныктадык. Өз алдынча ишмердүүлүк процесси ушул компоненттерди өнүктүрүү маселесин алдыга коет, анткени ар бир кийинки алынган жыйынтык билимдин тереңдешине, билгичтиктин өнүгүүсүнө, өздүк аң-сезимдин жогорулашына алып келет.

Ошону менен бирге, ар биринин ишмердүүлүк сферасын чектөө зарылчылыгы келип чыгат, бул зарылчылык окуу процессин башкаруу чөйрөсүндөгү функционалдык компоненттерди аныктоого максатталган. Аларга административдик, педагогикалык жетекчилик, татаалдыгына жараша дифференцилген тапшырмалар, алгоритмдер, тапшырмалардын чыгарылышы, тесттик контроль, окутуу программасы, окутуу методикасы кирет.

Эмоционалдык-эрктик компонентти изилдөө окуучунун мотевациясы, өз алдынча ишмердүүлүккө кызыгуусу келечектеги кесибинин престиждүүлүгүнө, социалдык жактан талап кылынуучулугуна көз каранды экендигин көрсөттү, ошондуктан аны коомдук-социалдык мамилелердин абалы аркылуу аныктоо керек.[4]

Акырында, ар бир окуучу индивидуалдуу, таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрү ар түрдүү, демек таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү да ар

түрдүү, ар биринин таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшү анын жөндөмдүүлүк, билим деңгээлине жана мүнөздүү физиологиялык өзгөчөлүктөрүнө дал келет, ошондуктан интеллектуалдык таанып-билүүчүлүк компоненти рефлекстик абалдын областы аркылуу аныкталат.

Ушулардын негизинде, (ОӨИА) процессинин үч компоненттүү моделин аныктоого болот. Биздин кийинки милдетибиз - ӨИАнүн компоненттеринин мазмунун негиздөө жана ачып берүү, о.э. алардын мүнөздүү белгилерин алып чыгуу, аныктоо;

Операциялык-технологиялык компонент негизги катары аныкталат, себеби лицейдин түрк тили боюнча талаптарын камсыз кылууну ичине алат.

Ал илимдердин негизиндеги билим, билгичтик, көндүмдөрдүн системасы, о.э. окуучулардын баштапкы көндүмдөрдү каражат катары колдонуп, жаңы билимди өз алдынча жана активдүү өздөштүрүүсүн камтыйт. Окуу-тарбия процесси толугу менен билим берүүнүн стандартын камсыздоого багытталган билим берүүнүн мазмунуна таянат.Окутуунун жана тарбия берүүнүн ийгилигин окуучу билим берүүнүн бардык этаптарынын бирдигинен жана өз ара байланышынан көрө алат.

Билим берүүдө бардык деңгээлдеги окуучуларды окутуу методикасын жана тарбиялоону уюштуруудагы ушундай бирдиктүү мамиле гана, (лицейдин бүтүрүүчүлөрүнө коюлган заманбап талаптарды эске алганда) илимий негизди жогорулатууда потенциалдык мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу колдонууга, окутуу менен тарбия берүүнүн биримдигин бекемдөөгө шарт түзөт.

Бул милдеттердин чечилишинин ийгилигин окуучулардын таанып-билүү өз алдынчалыгынын калыптанышына көңүл бурууну күчөтүүдөн көрөбүз, ал окутуунун мотевациалык, эмоционалдык жана операциялык жактары менен бирдикти түзүп жатат. Анын өнүгүп-өсүүсү өз алдынча аткарылуучу иштердин татаалдыгынын репродуктивдүүлүктөн изилдөөчүлүккө чейин жогорулашы менен аныкталган өз алдынча ишмердүүлүктү активдештирүү аркылуу ишине ашат. Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүн активдештирүүнүн өнүгүүсү үчүн маанилүү болгон бул процессте окуунун, керектөөнүн, кызыкчылыктардын, умтулуунун жана иш-аракет жөндөмдүүлүктөрүнүн мотивдеринин өз ара байышы ишке ашат.[1]

Окуучунун өз алдынча иштөөгө ийгиликтүү үйрөтүүдө, өз алдынчалыкты өнүктүрүүдө чоң мааниге ээ болуп сабактагы эмоционалдык маанай, окуучунун өз алдынча ишмердүүлүк процессине кызыгуусун пайда кылуучу шартты түзүү эсептелет.

Көпчүлүк психологдор кызыгууну инсандын предметке, чындыктагы кубулушка өзгөчө таанып-билүүчүлүк багыты катары аныкташат. “Өз алдынча жана чыгармачылык менен билим алууга умтулуу, сынчыл ойду, ой жүгүртүүнү, фантазияны, ой-тилекти талап кылуучу тапшырмаларды аткаруу окуу предметине терең жана туруктуу кызыгууну пайда кылуучу негизги шарт болуп саналат.” Педагогикада кызыкчылык проблемасы ар дайым алдынкы педагогдордун көңүлүнүн борборунда болуп келген, айрыкча кесиптин орто билим берүү чөйрөсүндөгү курч маселе болуп саналат.

Инсандын эмоционолдык-эрктик сапатын калыптандырууда өз алдынча ишмердүүлүк зор мүмкүнчүлүктөрдү түзө алат. Эрктик сапаттарга, максаттуулук, өжөрлүк, сынчылдык, ишти аягына чейин чыгара алуу, сөз менен иштин биримдиги, ар түрдүү кырдаалдарда каалоолорун кармана билүү, туруктуулук, ойлонуп туруп чечим чыгаруу кирет. Демек, окутуучунун милдети окуучунун алдына жакынкы, орточо жана алыскы таанып-билүү перспективаларын ачып берүү болуп эсептелет. Ошону менен бирге, өз алдынчалык ишмердүүлүктө үйрөтүү дайыма кыйынчылыктарды жеңип чыгуу, физикалык жана акыл күчтөрүнүн чыналышы, коюлган максатка карата эрктүүлүк менен коштолуп турат.

“Эрк – адамдын тигил же бул иш-аракетти аткарууга аң-сезимдүү умтулуусу, анын күчүсүз эч кандай өз алдынча ишмердүүлүк ишке ашпайт.”[2]

Экспериментте коюлган милдеттердин бири ТАСДУ (Окуучулардын өз алдынчалык ишмердүүлүгүн активдештирүү технологиясы) процессинде “Дидактикалык каражаттарды издөө” болуп саналат. Ошондуктан бизТАСДУдагы эмоционалдык-эрктик компоненттерди активдештирүүдө дидактикалык каражаттарды көбүрөөк мүнөздүү деп эсептейбиз.

Окуучунун интеллектуалдык-таанып-билүү ишмердүүлүгү мурда белгиленгендей, окуучунун көндүмдөрүнүн жана билгичтиктеринин интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк деңгээлин дайыма өнүктүрүп турууну талап кылат.

Интеллектуалдык билгичтиктердин ийгиликтүү калыптанышында зор ролду окуучунун акыл жөндөмдүүлүгү ээлейт.

Биздин моделде интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк компонентти төмөнкүдөй динамика менен көрсөтөбүз: гносеологиялык, аксиологиялык, чыгармачылык, каммунникетивдүү, көркөм.

Берилген шартта, мурда көрсөтүлгөндөй, таанып-билүү процессине рефлекстүү талаа тиешелүү, себеби бул жеке ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү болуп саналат.

Дидактика үчүн таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн структурасын билимди өздөштүрүүнүн негизги психологиялык-педагогикалык закон ченемдүүлүк позициясы тарабынан ачып берүү маанилүү.

Психологдор таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктү гносеологиялык катары карашат, анын максатытаануучулук, б.а. курчап турган чөйрөнүн касиеттерин топтоо жана иштеп чыгуу;

Гносеологиялык иш-аракеттин төмөнкүдөй түрлөрүн айырмалап жүрүшөт: предметтик, перцептивдик, символдук, мнемикалык, акылдык.

Гносеологиялык ишмердүүлүктү анализдөө лицейдин окуу процессиндеги окуу ишмердүүлүктөрүнүн бардык турлөрүндө универсалдуу болуп саналган бир катар методдорду жана ыкмаларды пайдаланууга мүмкүнчүлүк түзөт. Ой жүгүртүү ишмердүүлүгүндөгү мындай универсалдык методдор жана ыкмалар болуп салыштыруу, анализи жана синтез, жалпылоо жана абстрактоо, классификация, индуктивдүү жана дуктивдүү жыйынтыкка келүү, аналогия боюнча жыйынтыкка келүү, байкоо, эксперимент, моделдөө эсептелет.

Албетте, окуучунун өз алдынча таанып-билүү даярдыгын калыптандыруу планына билбөөдөн билимге өз алдынча өтүүчү таанып-билүүчүлүк иш-аракеттерине ээ болуусу зарыл. Таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн кийинки деңгээли-аксиологиялык, бул деңгээлде окуучу жалпылоого, салыштырууга, анализдөөгө, жыйынтык чыгарууга жетишүүсү керек.

Окуучу конкреттүү нерседен жалпы белгилерди көрө билүүсү, тескерисинче, жалпыдан эң негизги нерсени бөлүп алып, керексизин алып таштоосу, жалпы айтканда, баалуу информацияны аныктай алуусу керек.

Жалпысынан, окуучу таануу процессинде активдүү катышуусу үчүн ошол таанууга (кызмат кылган) тиешелүү негизги операцияларды билүүсү зарыл. Интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн өнүгүүсүн аныктоо максатында ой жүгүртүү процесине таандык белгилерди карап чыОй жүгүртүү операцияларынын таанып-билүүчүлүк иш-аракеттеринин мүнөзү таанып-билүү милдетинин мазмундуу жагы менен аныкталат.Ой жүгүртүү операциясы, анын аракетинин ийгилиги операцияны билүүдөн гана көзкаранды болбостон, ага таандык мазмунду да билүүдөн көзкаранды. Ушул планда ой жүгүртүү дайыма продуктивдүү болуп эсептелет.

Демек, таанып-билүүнүн өнүктүрүү үчүн мазмундун "үрөнү" зарыл, себеби, билимди өстүрүү, ал бар болгон учурда гана мүмкүн.

Таанып-билүү процессинин кийинки өзгөчөлүгү болуп, окуучунун ой жүгүртүү аракетин начар оңдоосу эсептелет, анткени биз эч качан өзүбүздүн ой жүгүртүүбүз кандай иштеп жаткандыгы жөнүндө ойлонбойбуз да. Таанып-билүүчүлүк аракетти начар аңдап билүү, анын бышпаган мүнөзү, аны башкарууну жеңилдетүү үчүн тагыраак аңдап-билүү зарылчылыгы жөнүндө суроо коет.

Интеллектуалдык билгичтиктин кийинки өзгөчөлүгү, адатта таанып-билүүчүк милдет бир аракет аркылуу эмес, алардын биргелешүүсү аркылуу чечилери менен байланышта. Ошондуктан таанып-билүү билгичтиктерин калыптандыруу маселеси коюлган учурда, ар бир операцияны өзүнчө, анын ордун, о.э. таанып билүүнүн милдеттерин чечүүгө багытталган аракеттердин системасын аңдап-билүүгө үйрөнүү максатка айлантуу.

Интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүк таанып-билүүчүлүк билгичтиктердин жеке мүнөзүнө ээ болусу менен мүнөздөлөт, акырында, танууда кайсы билгичтиктер колдонулганын, кайсыга кайрылуу керектигин инсан өзү чечет да.

Бул таануунун ар түрдүү деңгээлде (терең, үстүртөн) өтүшү менен түшүндүрүлөт, ал аз же көп рационалдуу уюштурулушу мүмкүн. Таануунун жабык мүнөзү, аны башкаруунун кыйынчылыгы таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн субъективдүү тарабын, окуучунун жекечелигинен көз карандылыгын тереңдетет. Бул билгичтиктердин табигый өзгөчөлүгүн аны калыптандыруу милдетин чечүүдө жетекчиликке алуу керек. Бирок, биздин моделге, интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк ишмердүүлүктүн өнүгүүсүнүн үчүнчү деңгээлине, чыгармачылыкка кайрылабыз. Бул этапта окуучу билим алууну байытуудагы лотериалдык принципти гана колдонбостон, баалуу нерсени бөлүп алуу билгичтигине гана ээ болбостон, өзүнүн жаңы түшүнүктөрүн жаратат, информациянын, кубулуштун мазмунун жана формасын өзгөртө алат.

Экспериментибизде биз окуучунун түрк тили предметин окуп үйрөнүүсүнүн мисалында, интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк деңгээлинин чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүшүнө байкоо жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк алдык.[3]

Кийинки интеллектуалдык-таанып-билүүчүлүк компоненттин деңгээли – көркөм деңгээл. Биздин пикирибизче, бул аныктама толук өз алдынчалыкты түшүндүрөт б.а. интеллектуалдык өнүгүүнүн жогорку деңгээли инсан коомдук шарттуулугунан, социалдык көз карандылыктан бошонот, а ой жүгүртүү башка сапаттагы абалга өтөт, ал жаны рухий негизде өнүгүүсүн улантат.

Ошентип, биздин милдетибиз боюнча, биз кайрадан, ООААТ процессинин дидактикалык каражаттарынын интеллектуалдык-таандык-билүүчүк негиздерин көрсөтүүгө аракет кылдык.

Жөндөмдүүлүктүн өнүгүүсү, билимдин өсүүсү, чыгармачылык ишмердүүлүк ой жүгүртүүнүн өнүгүшү - өз ара шартталган процесстер. Ошону менен бирге, ар бир позицияга мүнөздүү өзгөчөлүктөр, же ишмердүүлүк багыттары тиешелүү.

**Адабияттар:**

1. Рубинштейн С.А. Вопросы психологии, 1955, № 7 с. 34
2. Шукина Г.И. Роль деятельности в учебной деятельности в учебном процессе.-М: просвещение 1986, - 144 с.
3. Александрова Т.К. Активизация учебной деятельности учащихся в процессе выполнения межпредметных комплексных заданий. Сб. ст.Л. – 1981. с.156
4. Махмутов М.И. Проблемное обучение - М: Педагогика 1975. с.368